**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ОШ ШААРЫНЫН**
**П Р О К У Р А Т У Р А С Ы**

714000: Ош шаары,Моминова көч. 6
тел.: (03222) 7 09 92, факс: (03222) 7 13 64
e-mail: cityosh@prokuror.kg
БИК 440001, э/э №4407011101004464
ОКПО 23460514, ИНН 00502200410021

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**П Р О К У Р А Т У Р А**
**ГОРОДА ОШ**

714000: город Ош, ул.Моминовой 6
тел.: (03222) 7 09 92, факс: (03222) 7 13 64
e-mail: cityosh@prokuror.kg
БИК 440001, р/с №4407011101004464
ОКПО 23460514, ИНН 00502200410021

07.09.22 №22/141-00-20-10а-03946

На №_____________ от ___________

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясынын төрагасынын
орун басары

**Т.У. Шайназаровго**

**М А А Л Ы М А Т**
*03-047-2021-001041 сандуу кылмыш иши боюнча*

2021-жылдын 04-майында Кыргыз Республикасынын БШКнын төрагасына Даут Ахунов Сардарбек Исмаилжанович арыз менен кайрылып, анда 11.04.2021-жылы болуп өткөн Өзгөн шаардык жергиликтүү кенештин депутаттыгына талапкер болуп “Ата-Журт Кыргызстан” саясий партиясынан катышып, шайлоонун жыйынтыгы менен 9 мандат берилгендигин, талапкерлердин катарында 5-тизмеде болгондугуна карабастан, белгисиз адамдар тарабынан анын атынан 14.04.2021-жылы Өзгөн райондук АШКнын төрагасына кезектүүлүктү өзгөрткөндүгү жөнүндө арыз берилгендигин билдирген.

Бул жагдай боюнча, Өзгөн РИИБнин ТКнын тергөөчүсү А.Карим уулу тарабынан 08.06.2021-жылы КРнын ЖКнын 359-бер. 1-б. менен 03-047-2021-001041 сандуу сотко чейинки өндүрүш иш башталган.

Сотко чейинки өндүрүш иштин жыйынтыгы менен 31.01.2022-жылы аталган иш КРнын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п. негизинде өндүрүштөн кыскартуу токтомун кабыл алган.

Кыскартылган чечим Ош областынын прокуратурасы тарабынан көзөмөл иретинде окулуп, жыйынтыгы менен кыскартуу токтому жокко чыгарылып 19.02.2022-жылы кайра тергөө жүргүзүү үчүн Ош ОИИБнын ТКна тапшырылган.

Сотко чейинки өндүрүш иштин жыйынтыгы менен 10.03.2022-жылы аталган иш КРнын КЖПКнын 27-бер. 1-б. 2-п. негизинде өндүрүштөн кыскартуу токтомун кабыл алган.

Кыскартылган чечим Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан көзөмөл иретинде окулуп, жыйынтыгы менен кыскартуу токтому

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 9/1344
« 12 » 09 2022 ж/г

жокко чыгарылып 08.04.2022-жылы кайра тергөө ишин жүргүзүү үчүн Ош ОИИБнын ТКна жиберилген.

Тергөө амалдарынын жыйынтыгы менен 17.05.2022-жылы КРнын КЖПКнын 27-бер. 1-б. 2-п. өндүрүштөн кыскартуу токтомун кабыл алган.

Кыскартылган чечим Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы тарабынан көзөмөл иретинде окулуп, жыйынтыгы менен кыскартуу токтому жокко чыгарылып 20.06.2022-жылы кайра тергөө ишин жүргүзүү үчүн Ош ШИИБнын ТКна жиберилген.

Тергөөнүн жыйынтыгы менен 23.07.2022-жылы тергөөчү К.Иминов тарабынан Кыргыз Республикасынын КЖПКнин 27-бер. 1-б. 2-п негизинде өндүрүштөн кыскартылып, аталган токтом Ош шаарынын прокуратурасы тарабынан көзөмөл иретинде окулуп, жыйынтыгы менен кыскартуу токтому жокко чыгарылып 17.08.2022-жылы кайра тергөө ишин жүргүзүү үчүн Ош ШИИБнын ТКна жиберилип, бүгүнкү күндө кошумча тергөө амалдары жүрүп жаткандыгын билдиребиз.

Ош шаарынын прокурору **М.Бектурганов**

атк:Б.Төлөбек уулу
0706 70 00 33